**ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛДАР МИНИСТРЛИГИНИН ЛИНИЯСЫ БОЮНЧА ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРДА ОКУУ**

**РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫНЫН ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНДА ОКУУГА КВОТАЛАР**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн ортосундагы жарандык коргонуу, өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана жоюу жаатында кызматташуу жөнүндө Макулдашууга ылайык, Кыргыз Республикасынын жарандары өзгөчө кырдаалдар жана жарандык коргонуу жаатында адистештирилген Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларында билим алууга мүмкүнчүлүктөрүнө ээ. Россия Федерациясынын Өкмөтү жыл сайын төмөнкү жогорку окуу жайларга бакалавриат программасы боюнча окутууга квота бөлөт:

**1. Россия Федерациясынын Жарандык коргонуу Академиясы (Москва шаары)**

Багыты: Техносфералык коопсуздук

Профили: Өзгөчө кырдаалдардан коргоо

Бакалавриат (курсанттар), окуу мөөнөтү: 4 жыл, окуу формасы: күндүзгү

**Талаптар:** талапкерлер окутуу үчүн зарыл болгон көлөмдө орус тилин билиши керек, математика, физика, орус тили боюнча базалык билимге ээ болушу керек, ошондой эле дене тарбия боюнча нормативдерди тапшырышы керек.

**2. Россия Федерациясынын Өрткө каршы мамлекеттик кызматынын Академиясы**
**(Москва шаары)**

1. Багыты: Маалыматтык системалар жана технологиялар

Профили: Техносфералык коопсуздуктагы маалыматтык технологиялар

Бакалавриат (курсанттар), окуу мөөнөтү: 4 жыл, окуу формасы: күндүзгү

2. Багыты: Өрт коопсуздугу

Профили: Пожарная безопасность

Адистик (курсанттар), окуу мөөнөтү: 5 жыл, окуу формасы: күндүзгү

**Талаптар:** талапкерлер окутуу үчүн зарыл болгон көлөмдө орус тилин билиши керек, математика, физика, орус тили боюнча базалык билимге ээ болушу керек, ошондой эле дене тарбия боюнча нормативдерди тапшырышы керек.

**3. Россия Федерациясынын Өрткө каршы мамлекеттик кызматынын Санкт-Петербург университети (Санкт-Петербург шаары)**

1. Багыты: Өрт коопсуздугу

Профили: Өрт өчүрүү, Мамлекеттик өрт көзөмөлү

Адистик (курсанттар), окуу мөөнөтү: 5 жыл, окуу формасы: күндүзгү

2. Багыты: Соттук экспертиза

Профили: Инженердик-техникалык экспертизалар

Адистик (курсанттар), окуу мөөнөтү: 5 жыл, окуу формасы: күндүзгү

**Талаптар:** талапкерлер окутуу үчүн зарыл болгон көлөмдө орус тилин билиши керек, математика, физика, орус тили боюнча базалык билимге ээ болушу керек, ошондой эле дене тарбия боюнча нормативдерди тапшырышы керек.

**Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин линиясы боюнча чет өлкөлүк чет өлкөлүк жогорку окуу жайларга тапшыруу үчүн документтердин тизмеси**

Россия Федерациясынын Жарандык коргонуу, өзгөчө кырдаалдар жана табигый кырсыктардын кесепеттерин жоюу боюнча министрлигинин аскер окуу жайларына тапшырууда талапкерлер кабыл алуу комиссиясына төмөнкү документтерди берүүгө милдеттүү (окуу иштеринин документтеринин көчүрмөлөрү орус тилинде болууга жана белгиленген тартипте күбөлөндүрүлүүгө тийиш):

1. туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн, паспорттун (чет өлкөлүк паспорттун) белгиленген тартипте күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;
2. белгиленген тартипте күбөлөндүрүлгөн, окулган предметтерди жана алар боюнча экзамендерде алынган бааларды (баллдарды) көрсөтүү менен билими жөнүндө күбөлүктүн (документтин) көчүрмөсү;
3. саламаттык сактоонун расмий органы тарабынан күбөлөндүрүлгөн, окууга кеткен учурга карата эскирүү мөөнөтү 2 айдан ашпаган окууга жарактуулугу жана ден соолугунун абалы жөнүндө медициналык корутунду;
4. ВИЧ-инфекциянын, СПИДдин, В жана С гепатитинин жоктугу жөнүндө сертификат, өзгөчө коркунучтуу инфекциялык оорулардын жоктугу жөнүндө маалымкат, алар саламаттык сактоонун расмий органы тарабынан күбөлөндүрүлүшү керек;
5. өмүр баяны;
6. акыркы окуган (иштеген)жеринен мүнөздөмө;
7. чет тилин үйрөнүү жөнүндө маалымат (немис, англис).

Документтердин түп нускалары кабыл алуу комиссиясына талапкер келгенден кийин берилет. Россия Федерациясынын Жарандык коргонуу, өзгөчө кырдаалдар жана табигый кырсыктардын кесепеттерин жоюу боюнча министрлигинин аскер окуу жайларына тапшырган талапкерлер окууга келгенден кийин кайрадан медициналык текшерүүдөн өтүп, дене тарбия, математика (жазуу түрүндө) боюнча кирүү экзамендерин тапшырышат, орус тили жана физика боюнча аңгемелешүүдөн өтүшөт, ошондой эле кесиптик психологиялык тандоодон өтүшөт. Бардык талапкерлер спорттук формага ээ болушу керек.

Россия Федерациясынын Жарандык коргонуу, өзгөчө кырдаалдар жана табигый кырсыктардын кесепеттерин жоюу боюнча министрлигинин аскер окуу жайларында окууну аяктагандан кийин бүтүрүүчүлөргө офицерлер үчүн "лейтенант" биринчи аскердик наамы ыйгарылат. Аталган окуу жайларга тапшырууда Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин түзүмүндө жаш адистерди кийин ишке орноштурууну караган контракт түзүлөөрүн белгилей кетүү маанилүү. Мындай келишимдер жогоруда аталган окуу жайларында даярдалган жогорку квалификациялуу кадрлар үчүн тиешелүү жумуш орундарын камсыз кылууга багытталган.